**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун орун**
**басары**
**Мамбеталиева Ч.М.**______________
**«09» февраль 2021-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ГЕРБИОН® ЭРТЕ ГҮЛДӨГҮЧ СИРОБУ

**Соодадагы аталышы**
Гербион® эрте гүлдөгүч сиробу

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Жок

**Дарынын түрү**
Сироп

**Сүрөттөмөсү**
Өзгөчө жыты бар күрөң түстөгү сироп, бир аз жылтыроонун болушуна жол берилет.

**Курамы**
5 мл сироптун курамында бар:
*активдүү заттар:* [1]жазгы эрте гүлдөгүчтүн тамырынын жана кадимки көкөмерен чөбүнүн суюк суу аралашмасынын маңызы 3,08 г;
*көмөкчү заттар:* левоментол, сахароза, метилпарагидроксибензоат (Е218).
[1]Жазгы эрте гүлдөгүчтүн жана кадимки көкөмерен чөбүнүн суюк суу аралашмасынын маңызы төмөндөгүлөрдөн даярдалган: жазгы эрте гүлдөгүч тамыры (Primula veris L., эрте гүлдөгүчтөр түркүмү – Primulaceae) 0,22 – 0,51 г; кадимки көкөмерен чөбү (Thymus vulgaris L., эрин гүлдүүлөр түркүмү – Lamiaceae) 0,62 г; тазаланган суу (экстрагент).

**Фармадарылык тобу**
Респиратордук системалардын ооруларын дарылоо үчүн препараттар. Суук тийүү ооруларын дарылоо үчүн жөтөлгө каршы препараттар жана каражаттар. Жөтөлгө каршы каражаттар менен айкалыштан сырткары какыртуучу препараттар. Какыртуучу каражаттардын айкалышы.

**АТХ коду:** R05CA10

**Фармакологиялык касиеттери**

Препарат какыртуучу, сезгенүүгө каршы, микробго каршы таасирге ээ; какырыктын илээшкектигин азайтууга жана аны жакшы чыгарууга жардам берет.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Препарат какырыкты чыгаруу кыйын болгон жөтөл менен коштолгон, дем алуу жолдорунун сезгенүү ооруларын (анын ичинде бронхит, трахеит, трахеобронхит) комплекстүү дарылоодо какыртуучу каражат катары колдонулат.

**Дозалоо режими жана колдонуу жолу**

Ичилет, дарыны жетиштүү өлчөмдөгү жылуу суу менен ичүү сунушталат.

Пайдалануудан мурда чайкаңыз.

Чоңдорго суткасына 3-4 жолу тамактан кийин 3 чен кашыктан (1 чен кашык – 5 мл) ичүү сунушталат.

2ден 5 жашка чейинки курактагы балдарга – суткасына 3 жолу тамактан кийин 1/2 чен кашыктан.

5тен 14 жашка чейинки курактагы балдарга - суткасына 3 жолу тамактан кийин 1 чен кашык (5 мл) сироп.

14 жаштан улуу балдарга – суткасына 3-4 жолу 2 чен кашыктан (10 мл) сироп.

Дарылоо курсунун узактыгы – 2-3 жума. Дарыгер менен кеңешкенден кийин узактыгын узартууга же кайталап курс өткөрүүгө болот.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Препараттын курам бөлүктөрүнө карата, ошондой эле курамында эрте гүлдөгүч түркүмүндөгү жана эрин гүлдүүлөр түркүмүндөгү активдүү заттарды камтыган препараттарга карата жогорку сезгичтик; баштан өткөргөн курч кептелме ларингиттен (кысылуу) кийин балдарга; бронх астмасы, кант диабети; тукум куучу фруктозаны көтөрө албастык; глюкоза-галактоза мальабсорбциясы синдрому жана тубаса сахараза-изомальтаза жетишсиздиги; 2 жашка чейинки бала курак.

**Жагымсыз реакциялар**

Аллергиялык реакциялар болушу мүмкүн. Өтө сейрек учурларда болушу мүмкүн: көңүл айлануу, кусуу, ич өтүү. Кыйыр таасирлер пайда болгон учурда дарыны ичүүнү токтотуп жана дарыгерге кайрылуу керек.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр жана этияттык чаралары**

1 чен кашык сиропто (5 мл) 3,15 г сахароза бар. Нускамада көрсөтүлгөн дарыны колдонуу боюнча сунуштарды сактаганда бейтап бир жолкуда 3,15 граммдан (1 чен кашык – 5 мл, бул 0,315 нан бирдигине туура келет) 9,45 граммга чейин (3 чен кашык – 15 мл, бул 0,945 нан бирдигине туура келет) сахароза алат.

***Кош бойлуулукта жана бала эмизген мезгилде колдонуу***

Кош бойлуу жана бала эмизген аялдарга дарыны колдонуу сунушталбайт (дарыны көрсөтүлгөн бейтаптар тобунда колдонуунун коопсуздугу боюнча маалыматтар жетишсиздигине байланыштуу).

***Унаа каражаттарын, механизмдерди башкаруу жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири***

Гербион® эрте гүлдөгүч сиробу унаа каражаттарын башкаруу жана кылдат көңүл бурууну жана психомотордук реакциялардын тездигин талап кылган татаал техникалык түзүлүштөр менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизбейт.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири**

Гербион® эрте гүлдөгүч сиробун жөтөлгө каршы препараттар жана какырыктын пайда болушун азайтуучу дары каражаттары менен бир убакта колдонууга болбойт, анткени бул суюлтулган какырыкты жөтөлүп түкүрүүнү кыйындатат.

**Ашыкча доза**

Дарыны ашыкча дозалоо учурлары жөнүндө маалыматтар түшкөн эмес.

Курамында сапонин бар дары-дармектерди ашыкча дозалоо учурунда көңүл айлануу, кусуу, ич өтүү менен байкалган ичеги-карын бузулуулары болушу мүмкүн.

Дарылоо: оору белгилерин жоготууга багытталган дарылоо.

**Чыгаруу формасы**

Сироп.

150 мл сироп суюктукту бөлгүчү бар желим тыгын жана биринчи жолу ачууну көзөмөлдөгүчү бар пластик капкак менен тыгындалып бекитилген, күңүрт айнек (III типтеги) флакондо.

1 флакон өлчөгүч пластик чен кашык жана колдонуу боюнча нускама менен бирге картон кутучага салынат.

**Жарактуулук мөөнөтү**

3 жыл

Жарактуулук мөөнөтү аяктагандан кийин препаратты колдонууга болбойт.

**Сактоо шарттары**

25 °С дан жогору эмес аба табында, түп нуска таңгагында сактоо керек. Муздаткычта сактаганга болбойт.

Сиропту флаконду ачкандан кийин 3 ай ичинде пайдалануу керек.

Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Дарыканалардан берүү шарттары**

Рецепти жок берилет.

**Таңгактоочу**
КРКА, д.д., Ново место, Повхова көчөсү 5, 8501 Ново место, Словения

**Өндүрүүчү**
КРКА, д.д., Ново место, Шмарьешка цеста 6, 8501 Ново место, Словения

**Кыргыз Республикасынын аймагында дары каражаттарынын сапаты боюнча арыз-доолорду (сунуштарды) кабыл алуучу уюмдун аталышы жана дареги:**
КРКА, д.д. өкүлчүлүгүнүн кеңсеси, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.
Телефон: +(996) 312 662 250
Электрондук дареги: pharmacovigilance.KG@krka.biz